**УДК: 821.512.154:39:37.013**
**DOI: 10.35254/bsu/2023.65.43**

**Кенжешев К.**
**К. Карасаев атындагы БМУ**

# ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ

**Кыскача мазмуну**

Макалада орто мектептердин жогорку класстарына этнопедагогикалык негизде билим берүүнүн зарылдыгы каралат. Ал адабий чыгарманын сюжетинде, идеялык мазмунунда берилген этномаданий түшүнүктөрдү окутуу аркылуу окуучулардын маданий жана социалдык-инсандык компетенцияларын калыптандыруу жолдорун ачыктайт. Этнопедагогикалык негизде окутуу проблемасын кыргыз адабият сабагына байланыштыруу менен азыркы учурдагы билим берүүнүн абалы, андагы көйгөйлөр, окуучуларга калыптандыруучу социалдык-инсандык компетенцияларын мааниси белгиленип, аларды орто мектептин жогорку классынын окуучулары жеке турмушунда колдонуудан кандай натыйжа алына тургандыгы жөнүндө проблема, аны изилдөөнүн зарылдыгы көтөрүлөт. Мында окутуунун азыркы деңгээлине баа берүү аркылуу балдар кабыл алган этнопедагогикалык билимди турмуш менен байланыштуулугун жогорулатууга тиешелүү маселелер кепке тартылат.

**Түйүндүү сөздөр:** адабият сабагы, этнопедагогикалык билим берүү, этномаданий түшүнүктөр, этнопедагогикалык зарылдык, маданий компетенция, социалдык-инсандык компетенция, мамлекеттик стандарт, предметтик стандарт, ж. б.

**Кенжешев К.**
**БГУ им. К. Карасаева**

# НЕОБХОДИМОСТЬ ПРЕПОДАВАНИЯ ЛИТЕРАТУРНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ НА ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ОСНОВЕ В СТАРШИХ КЛАССАХ

**Аннотация**

В статье рассматривается необходимость этнопедагогического образования старших классов общеобразовательной школы. Уточняются пути формирования культурных и социально-личностных компетенций учащихся через преподавание этнокультурных понятий, представленных в сюжетно-идеологическом содержании литературного произведения. Проблема этнопедагогического преподавания кыргызской литературы связана с современным состоянием образования, значимостью социально-личностных компетенций, которые формируют учащиеся, какие результаты можно получить от их использования в личной жизни старшеклассников, и возникновением необходимости ее изучения. Оценивая нынешний уровень образования, будут проанализированы вопросы, связанные с тем, как сделать этнопедагогические знания, получаемые детьми, более актуальными для жизни.

**Ключевые слова:** урок литературы, этнопедагогическое образование, этнокультурные понятия, этнопедагогическая потребность, культурологическая компетентность, социально-личностная компетентность, государственный стандарт, предметный стандарт и др.

**Кенжешев К.**
**BSU named after K. Karasaev**

# THE IMPORTANCE OF TEACH LITERATURE ON AN ETHNO –PEDAGOGICAL BASIS IN UPPER GRADES AT SCHOOL


**Absract**

The article deals with the necessity of ethno-pedagogical education of upper grade pupils at school. Ways of forming cultural and socio-personal competences of students through teaching ethno-cultural concepts presented in the narrative and ideological content of a literary work are clarified. The problem of ethno-pedagogical teaching of Kyrgyz literature is related to the current state of education, the importance of socio-personal competences that students form, what results can be obtained from their use in the personal life of high school students, and the emergence of the need to study it. Assessing the current level of education, issues relating to how to make the ethno-pedagogical knowledge that children receive more relevant to life will be analysed.


**Keywords:** literature lesson, ethno-pedagogical education, ethno-cultural concepts, ethno-pedagogical need, cultural competence, socio-personal competence, state standard, subject standard, etc.

Дүйнөнү маалыматтык технология кучагына ала баштагандан тартып Кыргызстанда билим берүүнүн маңызы өзгөрдү. Бардык предметтердей эле ал кыргыз адабиятына өз таасирин тийгизди. Улам жыл өткөн сайын интернет булактарында болгон байланыш күчөп, дүйнө элдеринин билим алууга болгон муктаждыгы башка нукка өттү. Маалыматтын жетиштүүлүгү жогорулаганы менен улуттун өзүнө таандык белгилери азайып, кыргыз жергесинде эне тилинде байланыштын начарлашына [1] алып келди. Ал турмушту таанып-билүүнүн формасы болгон адабий чыгарманын социалдык чөйрөдөгү таасирин начарлатты. Мындай абал балага керектүү маалыматты берүү жагынан ата-эне, үй-бүлө, ал тургай мектептин өзү интернет булактарына туруштук бере албай жатат. Анын таасири жыл эмес, күндүн өтүшү менен өткөн кыргыздын келечек муунун – бакчадагы балдарды, мектеп окуучуларын, ар кыл кесипке ээ болууга кызыккан жаштардын күнүмдүк жашоосуна тикелей аралашып, жеңил-желпи маалыматтар аркылуу улуттук белгилердин калыптануусун деградацияга тартып баратканы байкалат.

Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болгондон кийин ал мамлекеттин өзүнүн улуттук тилин, тарыхын жана маданиятын гуманитардык предметтер аркылуу окуучуларга жеткирүү планы каралса, бул иштер акыркы жылдары солгундай баштады. Анын кесепетинен өлкөдөгү учурдагы билим берүүнү дүйнөлүк билим берүү системасы менен интеграциялоо боюнча азыр коомчулукта эки ача көз караштар жаралды. Бир тарабы Кыргызстан дүйнөлүк билим берүү стандартын кабыл алып, тез эле өнүккөн өлкөлөрдүн катарында болушун каалап, ал жакта эмне болсо анын баарын кыргыз жергесине «көчүрүп» келүү аракетин көрсө, экинчи тарабы кандай күн, кандай заман болбосун кыргыз эли өзүнүн иденттүүлүгүн сактап, буга чейинки улуттук белгилери менен жашоо кечирүүгө кам көрүшүүдө. Канчалык заман өзгөрүп, улуттар аралашпасын ар бир элдин ойлогону калктын эркиндиги менен өз жеринде улуттук белгилерин сактап, аны кийинки муунга толук өткөрүп берүү болгондуктан, бул багыттагы жумуштарды билим жана тарбия берүү боюнча мамлекеттик деңгээлде аткаруу талабы коомчулуктун алдында турганын белгилей кетели.

Андай талапты жүзөгө ашыруу үчүн азыр билим берүү системасында бир нече предмет өзүнө тийиштүү жумуштарын аткарып жатканы талашсыз. Бирок негизги жүк кыргыз адабиятына жүктөлүп жатканын айтпай коюуга болбойт. Ырас, учурда Кыргызстандын билим берүү системасы бир нече концепцияны айкалыштыруу менен иш жүргүзүп жатат.

Алардын бири орто мектепте бардык предметтерди этнопедагогикалык негизде окутуу болууга тийиш эле, бирок кийинки мезгилдерде бул проблемага көңүл бургандай кескин азайып барат Ага көңүл буруунун солгундашы менен улуттук дүйнө таанымды түшүнүү, этномаданий баалуулуктарды таанып-билүү кескин начарлады, б. а. кыргыз эли кылымдап калыптандырган улуттук нарк-дөөлөттөрдү сактап жана колдонуп, андан ары кийинки муунга өткөрүп берүү вазийпасы өтө эле төмөндөдү. Учурда аны таанытуу жумуштары аркылуу аткарылып келген улутка мүнөздүү билим жана тарбия берүү касиети кыргыз тили менен көркөм адабиятка жүктөлүп отурат. Кыргыз элинде мындай салт байыркы замандардан бери иштелип чыккан жол болгондуктан, кыргыз адабияты предметинин негизинде аны жөнгө салуу азыркы учурдун актуалдуу жактарын эгемен элдин коомдук-социалдык кызыкчылыктарына карата ыңгайлаштыруу зарылдыгына белгилүү өлчөмдө жооп да берет. Ырас, кыргыз элинде мурда калыптанган этнопедагогикалык салттарды өз алдынча улантуу мүмкүн эмес болгондуктан, аны азыркы учурда өлкөдө колдонулуп жаткан билим берүү парадигмаларына мазмундук жана формалык жактан айкалыштыруу менен жңзөгө ашыруу зарылдыгы да күн тартибинде турат. Аны реалдуу шартта аткаруу жумуштарынын мазмуну кыргыз баласынын инсан болуп жетилгенге чейинки абалын көзөмөлдөө менен «Манас» эпосу баш болгон адабий дөөлөттөрдүн негизинде балага турмушунда керектелүүчү улуттук каада-салт, адеп-ахлак, ыйман-ынсап жана рухий байлыктарына ээ болуучу инсандык сапаттарды калыптандыруу кызыкчылыгын башкы орунга чыгарат. Анткени буга чейин андай адамдык касиеттерди жөндөм аркылуу аныктап келсек, жаңы окуу стандарттары «компетенция» деген категория менен түшүндүрүүгө өтсө, ал кырдаалга ылайык окуу процессине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн зарылдыгын көрсөттү. Окуу процессине карай мамиленин мындай жаңылануусу окуу предметинин мазмунуна карата талаптын өзгөрүшүн жаратып, ар бир баланы субъекти катары таануу менен ар биринин коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн инсанга багыттап окутуу жолдорун, ык-формаларын ишке ашыруу зарылдыгын көтөрдү.

Өлкөдөгү мындай абал окуу процессинин жүрүшүнө карата мамилени гана өзгөртпөстөн, окуу предметтеринин мазмунун кайра карап чыгуу, колдонулган окуу программасын жогорку талаптарга ылайыктоо жана окутулуучу окуу материалдарына жаңыча мамиле кылууга кандай жол ачса, окуучу алган билимдин жыйынтыгы Мамлекеттик стандарт аныктаган жарандын социалдык-маданий жана инсандык компетенцияларын калыптандырууга да милдеттендирип отурат. Мындай шарт орто мектептин жогорку класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикага негиздеп окутууну жаңы мазмунга өткөрүүнүн маанилүүлүгүн арттырат. Анткени башкы орунда окуучулардын белгилүү бир компетенцияларга ээ болушу тургандыктан, берилген билим балдардын социалдык-маданий керектөөсүн эске алуу менен сабактын билим берүүчүлүк маңызын түзүүгө, анда аткарылуучу иштердин мазмунун жаңылоо зарылдыгын туюндурат. Ал кыргыз улуту байыркы кылымдардан бери балдарынын дүйнө таанымын калыптандырууда жана жеткиликтүү таалим-тарбия берүүдө адабий чыгармалардын бардык түрүн колдонуп келишкен жол-жоболорду жетекчиликке алууга, аны айрым багыттар боюнча өркүндөтүү менен окуучунун инсандык-социалдык компетенцияларды иш-билги катары түзүүчү ык-усулдарды окуу процессине киргизүүгө жол ачат. Маселен, жаңы окуу стандартынын кабыл алынышы менен билим алуунун формасы жана аныктоочу категориялар да башка нукка багыт алды. Анда окуучулардын жарандын улуттук иденттүүлүгүнүн сакталып калышына маани берүү зарылдыгы турат. Аны «Манас» баш болгон көркөм адабияттын идеялык мазмуну менен байланыштыруу ар бир окуучунун инсандык сапаттарына тикелей кызмат көрсөтүүчү окуу процессин иштеп чыгууга мүмкүндүк

түзсө, ал адабият сабагын кайрадан карап, бул дисциплинанын жаңы багыттарын иштөөгө, аны менен бирге жаңыча изилдөө зарылдыгын козгоп жатат, проблема буга чейин изилдене элек деген түшүнүктү билдирбейт, адабиятты этнопедагогиканын мазмунунда кароо иштери далай мезгилди басып, ар түрдүү деңгээлде изилденгенин айтпай кетүүгө болбойт. Эгер биз билген педагогиканын тарыхына таянсак, Я.А. Коменскийден башталып, И.Г. Песталоцци, К.Д. Ушинский, А.В. Луначарский, Н.К. Крупская, Г.С. Виноградов, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, А.А. Толь, А.Ф. Чемберлен, У.Д. Хамли, К. Бойле, С. Стоян, Г. Бамлер, М.И. Мельников, ж. б. эмгектеринде ар кыл аспектиде каралып, баланы турмушка тарбиялоодо этнопедагогиканын ролу ар тарабынан чечмеленген. Проблеманын өзгөчө бир улуттун мисалында караган окумуштууларга Г.Н. Волков, Я.Н. Ханбиков, А.Ш. Гашимов, С. Калиев, ж. б. эмгектерин келтирсек, кыргыз окумуштууларынын арасынан бул проблемага окутуунун жана тарбиялоонун жалпы маселелери боюнча кайрылып [2], педагогиканын тигил же бул проблемасы тиешелүү жагдайдан изилдөө жүргүзгөн А.Э. Измайлов, Ж. Койчуманов, Т. Ормонов, Б. Апышев, У. Эгембердиев, М. Рахимова, А. Алимбеков, ж. б. болсо, ал эми тикелей кыргыз адабиятына байланыштуу этнопедагогикалык ойлорун илимий-теориялык жактан системага салган окумуштуулар Н. Имаева, С. Байгазиев, А. Калдыбаева, С. Иптаров, С. Рысбаев, А. Муратовдун эмгектеринде жемиштүү каралган.

Этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы теориялык маселелери кыргыз улуттук педагогикасында ар тараптуу каралып калганы менен коомдун өзгөрүшү, ага карата педагогиканын окутуу жана тарбиялоо боюнча позициясынын жаңылануусу, жашоо образынын жарандык коомчулукка тийгизген таасири жалпыга сиңип бараткан кыргыздын кийинки муундарынын өздүк белгилерин сактап калуу зарылдыгын көрсөтүүдө. Бул азыр окуу китептеринде орун алган адабий чыгарманын жарыяланышын, идеялык-эстетикалык кудуретин, тарыхый ордун адабий факты катары айтып берүү менен чектелбестен, андан тереңдеп эл турмушуна байланыштуу тарбиялык маанисин, каада-салтты таанып үйрөнүүдөгү руханий баалуулугун, жарандын инсандык белгилерин түшүнүүгө жасаган кызматын азыркы жаштарга жеткирүү милдетин аткарат. Ошол себептен кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун алкагында коомчулуктун алдына коюлган вазийпаны карап, кыргыз эли өзүнүн адабий чыгармаларына батырган элдик таалим-тарбия берүү ык-формаларын, адап-ахлак түзүмдөрүн мектептин жогорку классынын окуучуларына жеткирүү зарылдыгы турса, этнопедагогиканын салттары аркылуу баланын турмушуна керек компетенцияларда маанилүү орунду ээлеп келет. Бирок окутуунун бул багытта методологиялык базасы түзүлүп, илимий-практикалык, методикалык системасы практикалык мазмунда ырааттуу изилдөөгө алынбаганы, далай убакыттан бери окутулуп келе жатса да, окуу программалары, окуу-методикалык колдонмолору өз деңгээлинде иштелип чыкпагандыгы, окуучуларды турмушка үйрөтүүнүн жолго коюлбагандыгы, көркөм чыгармаларда руханий, педагогикалык баалуу ойлор болсо да, аларды азыркы жаштарды тарбиялоодо колдоно албаганыбыз, алар аркылуу этномаданий, этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча теориялык жактан жеткиликтүү изилденбегендиги изилдөөнүн зарылдыгын көрсөтөт, б. а. окуучуга сунушталган адабий билим күнүмдүк социалдык турмушта керектелүүчү компетенцияларды калыптандыруу үчүн кызмат кылышын талап кылган азыркы маалда бул ишти башталгыч класстардан тартып, орто мектептин жогорку класстарына чейин этнопедагогикалык негизде билим жана тарбият берүү системасын иштеп чыгуу маселеси турат. Ырас, бул бир изилдөө менен бүтө калуучу жумуш эмес, аны дайыма билим берүү багытындагы ири илимий долбоорлор менен байланышта үзгүлтүксүз жүргүзүп туруу

жагы маанилүү бойдон сакталууда. Аны бир теманын бардык тарабынан чечип жиберүү мүмкүн болбойт, тескерисинче, өлкөдөгү бардык инсандардын этномаданий түшүнүктөрүн коомдук-социалдык чөйрө талап кылган деңгээлге жеткирүү үчүн өлкөдөгү билим берүүнүн негизги программаларынатиешелүү илимий-изилдөө иштеринин мазмунуна айкалыштырып [3], мамлекеттин кызыкчылыгына ылайык мекеме-ишканалардын илимий иштеринин тематикалык планына кошуу зарылдыгы да байкалууда. Мындай иштердин эч бир жерде колго алынбаганы жана кийинки муундун арасында күч алып бара жаткан деградация бул маселени тез арада республикадагы бардык изилдөө жумуштарынын темасына кошуу керектигин ачыктаса, аны биринчи кезекте орто мектептердин базасында иштеп чыгуу азыркы билим берүү концепциясына туура келет. Ошондуктан учурдагы билим берүүнүн талаптарына ылайык кыргыз адабиятын орто мектептин жогорку класстарында этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана практикада аткарылыш жолдорун иштеп чыгуунун мааниси чоң. Ал өзүнөн-өзү эле аткарыла койбойт. Аны өз деңгээлинде ишке ашыруууүчүн жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышына талдоо жүргүзүү менен окутуунун принциптерин компетентүүлүккө негиздөө маселеси күн тартибине чыгат. Бул проблеманы азыркы билим берүү системасында окутуунун адабий-педагогикалык маселелери менен байланышта кароо – инсанга багытталган окуу концепциясына таянып кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык мазмунду ачып берүү (1), кыргыз турмушун этнопедагогикалык негизде таанып-билүүдөн аткарылуучу жумуштардын табияты аркылуу окуучуларга жеткирүүгө мүмкүн болгон инсандык жана социалдык-маданий компетенцияларды калыптандыруу (2), дүйнө таанымдын түрдүү философиясын ачууда керектелүүчү түшүнүктөрдү кыргыз адабиятынын мисалында жеткирип окутуунун жалпы маселелерин иликтөөгө алуу (3), ошондой эле анын окутуунун окуу стандартында, окуу планында чагылдырылышына баа берүү (4) сыяктуу маселелерди аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Муну жалпы теориялык проблема катары изилдөө менен чектелүүгө болбойт. Анткени кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу аркылуу калыптануучу компетенциялар жаңыдан жетилип келе жаткан улан-кыздардын турмушка керектүү көндүмдөрүн караштыруу менен чектелбестен, алардын реалдуу шарттагы натыйжалуулугун аныктоо үчүн кыргыз адабияты сабагындагы этнопедагогиканын ролуна көңүл буруп, жогорку класста окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилдениш абалын кароо аны педагогикалык тажрыйбада текшерип (а), окутуунун методикасын (б), өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу (в), эксперименттен өткөрүү (г) жана анын жыйынтыктарын көрсөтүү (д), зарыл болгон практикалык сунуштарды киргизүү (е) сыяктуу милдеттерди күн тартибине коёт. Бул мурда окуу процессинде болуп келген кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасындагы өркүндөтүүгө тиешелүү бир катар проблемаларды козгоо менен бирге социалдык желелер аркылуу түзүлгөн ааламдашуу доорунда кыргыз жаштарынын этностук идентүүлүгүн сактоого маанилүү кызмат көрсөтүүчү бир катар компетенцияларды адабий чыгармалардагы этнопедагогикалык маани-мазмунга таянуу менен окуу процессинде түшүнүүгө, аны аңдаштырууда методологиялык жактан инсанга багыттап окутууга негизделип, анын билим берүүчүлүк философиясынын жыйынтыктарында [4] окуучулар ээ болгон компетенциялардын практикада колдонулушун жайылтуу керек болууда.

Ал изилдөөнүн максатын гана түзбөстөн, окутуунун педагогикалык шарттарын, дидактикалык принциптерин, методикалык өзгөчөлүктөрүн жана окуучулар ээ болуучу компентенттүүлүккө илимий жактан баа берүү менен жүргүзүлгөн иштерге анализ жасоо кыргыз адабиятын окутууда жогорку класстын окуучуларынын этнопедагогикалык

түшүнүктөрүн калыптандыруунун оптималдуу ык-жолдорунтүзүүгө, педагогикалык тажрыйбалар аркылуу натыйжалуулугун текшерүүгө, педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө иштелип чыккан ыкмаларды жүзөгө ашыруу боюнча иштелип чыккан окуу-методикалык иштелмелерди сунуштоого багыт берет. Изилдөөнүн сапаттуу аткарылышы кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча материалдарды республиканын бардык мектептерине жайылтууга, чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин автордук окуу-методикалык иштелмелерин түзүшүнө, ар бир мектепте окутуунун азыркы учурдун талаптарына жооп берүүчү технологияларды окуу процессине сунуштоого, жергиликтүү шартка ылайык окуу-методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө көмөк көрсөтөт. Анын негизинде: 1) кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу окуучулардын дүйнө кабылдоосунун калыптануусуна;2) руханий, көркөм-эстетикалык табиттин туура жетилүүсүнө; 3) улуттук иденттүүлүгүн, этникалык өзгөчөлүгүн таанытууга; 4)дүйнөлүк педагогика илими иштеп чыккан теориялык, методологиялык негиздерге, дидактикалык принциптерге таянуу менен окуучулардын билим жана тарбия алуусуна сабактын оптималдуулугун жогорулатууга; 5) инновациялык технологияларды пайдаланууга; 6)окуучулардын алган билимин турмуш менен интеграциялоо; 7)турмуш чындыгын таанып-билүү чыгармачылыгын өстүрүү компетенцияларын калыптандырууга жагымдуу шарт түзүлөрү бышык.

**Адабияттар**


1. Рысбаев С. К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү. пед. илим. докт. авторефераты. – 2006, 15-бет.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика. Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений. – М.: АКАДЕМА, 2000, 3 – 14-беттер.
3. Рахимова М.Р., Панкова Т. В. Кыргызская народная педагогика. – Б.: 1993. 126 – 132-беттер.
4. Асипова Н. Билим философиясы жана тарыхы. – Б.: 2010, 14-бет.